| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**<br><br>**ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**ЫСЫК-АТИНСКИЙ**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28-чакырылган кезектеги XIX (он тогузунчу) сессиясы

**ТОКТОМ**

**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023-жылдын 28-июлу №144/XIX-28** **Алмалуу айылы**

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 2023-жылдын 30-январындагы №92/XV-28 токтомуна, Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджеттик сметасында бекитилген акча каражаттарына өзгөртүү киргизүү жөнүндө

"Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджеттик сметасында бекитилген акча каражаттарына өзгөртүү киргизүү жөнүндө" №03-13/492 катын Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесинин негизинде Ысык-Ата айылдык Кенешинин депутаттары карап, талкуулап чыгып, **Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:**

1. Тогуз-Булак айылына электр чубалгысын сатып алууга бөлүнгөн 425,0 мин сом акча каражатына Тогуз-Булак айылына сугат суу тартып келүүгө, суу түтүктөрүн сатып алууга каралсын.
2. Норус, Ичке-Суу айылдарына балдар аянтчасын курууга каралган 250,0 мин сом акча каражатынын 50,0 миң сом акча каражаты Ысык-Ата айыл аймагына караштуу айылдардын башкы планын жасатууга каралсын.
3. Жайыт бөлүмүндөгү 100,0 мин сом акча каражатынын 50,0 мин сому Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн сайтын талапка ылайык келтирүү үчүн жана 50,0 мин сом акча каражаты Карагай-Булак, Тогуз-Булак, Алмалуу, Уч-Эмчек айылдарындагы демөрчүлөр тарабынан салынган ФАП имараттарын Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн балансына кабыл алууга балоо жүргүзүүгө каралсын.
4. Бала бакча курууда тосмо жана брусчатка сатып алууга 180,0 миң сом жана электр чубалгысын сатып алууга каралган 70,0 мин сом акча каражатын, жалпысынан 250,0 мин сом акча каражаты Алмалуу айылына таза суу резервуарын тосууга керектелүүчү материалдарын сатып алууга каралсын.
5. Архитектура, Гипрозем, АПУ, ИТУ жана башка документтерин жасатууга каралган 1000,0 мин сом акча каражатынын 50,0 мин сому компьютерлер, принтерлерди оңдоого жана картриджderди толтурууга каралсын.
6. Бул токтомдун аткарылышын Ысык-Ата айылдык Кенешинин бюджет жана каржы маселеси боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын. Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Ж.Бейшекеев**